**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**Shaar.kenesh@gmail.com**

**Shaar.kenesh@gmail.com**

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги VII сессиясынын №47/7-9 ТОКТОМУ

**2-июль, 2025-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын Алымбеков көчөсү №2а дарегинде жайгашкан ашар ыкмасы менен салынган №8 орто мектебинин ордуна жаңы типтүү мектеп куруугa макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаарынын мэриясынын 26.06.2025-жылдагы №01-19/2124 сандуу каты, Талас шаардык Жарандык Коргоо комиссиясынын изилдөө АКТсы жана Талас облустук капиталдык курулуш башкармалыгынын 20.06.2025-жылдагы №01-7-320 сандуу сунушунун негизинде, Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаарынын Алымбеков көчөсү №2а дарегинде жайгашкан ашар ыкмасы менен салынган №8 орто мектебинин ордуна жаңы типтүү мектеп куруугa макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**